Ас-Салам: бардык кемчилик, айып, апааттардан таза, саламат.

Ал-Басир: эч нерсени көз жаздымда калтырбоочу, канчалык кичине болсо да көрүүчү. Бардык нерсеге көзү жетүүчү, кабардар жана ичин да билүүчү.

Ал-Вакил: жаратылгандардын ырыскысын Өз кепилдигине алуучу, аларга пайдалуу нерсени даярдап берүүчү, авлия-досторунун ишин жеңилдетип, Өзү башкарып туруучу.

Ал-Халик: нерселерди жаратуучу, аларды эч бир үлгүсүз жоктон бар кылуучу.

Ал-Латиф: пенделерин урмат кылуучу, аларга ырайым кылып, сураганын берүүчү.

Ал-Каафи: пенделеринин бардык муктаждыктарын Өзү чечүүчү. Жардамы пенделерине жетиштүү. Ал болсо, пенделер башка эч нерсеге муктаж болбойт.

Ал-Гафур: пенделерин күнөөлөрүнүн жамандыгынан сактоочу, кылган күнөөлөрү себептүү жазалабайт.

# Намазга даярдык көрүү

Намаз убактысы киргенде мусулман киши кичине даараtсыздык абалда болсо даарат алат, эгер чоң даараtсыздык абалда болсо, анда жуунат.

Чоң даараtсыздык дегенибиз: Гусул, жууну зарыл болуп турган учур.

Кичине даараtсыздык дегенибиз: даарат алуу зарыл болуп турган учур.

Намазды окуганда кийими, намаз окуп жаткан жайы таза жана өзүнүн авреттери жабык болуусу керек.

Намазга киришерде бүт денесин жаба турган жакшы кийим киет. Эркек кишиге намазда киндигинен тизесине чейинки дене мүчөлөрүнөн кайсы бир жери ачык калууга болбойт.

Аял киши болсо, бет жана колдорунан башка бардык дене мүчөсүн жабууга тийиш.

Намазда намаздын өзүнө тиешелүү сөздөрдөн башка сөздү сүйлөөгө болбойт, унчукпай имамга жүктөйт. Эки жагына бурулуп карабайт. Эгер намаздын өзүнө тиешелүү сөздөрдү билбесе, анда Аллахты зикир

канча аят) окуймун. Мындай кылуу важип болбосо да, аны аткарган адам көптөгөн сооპторго жетишет.

6-кадам: "Аллаху Акбар" деп айтып белимди түз кармап, эки колум менен тиземди таянып, тизенин томугун манжаларымды ачып чеңгелдеп үрүкү кылам. Үрүкүдө үч жолу "Субхана Робиял аъзиим" деп айтам.

7-кадам: "Самиъ Аллаху лиман хамида" деп, колдорумду эки ийиндин тушуна чейин көтөрүп, үрүкүдөн өйдө болом. Денем толук түздөлгөндөн кийин "Роббанаа лакал хамду" деп айтам.

8-кадам: "Аллаху Акбар" деп, эки алаканымды, эки тиземди, эки бутумдун манжаларын, бешенемди жана мурдумду жерге тийгизип сажда кылам. Саждада үч жолу "Субхаана Роббиял аълаа" деп айтамын.

9-кадам: "Аллаху Акбар" деп саждадан өйдө болуп, оң бутумдун манжаларын кыбылага каратып бүгүп, сол бутумдун үстүнө белимди түздөп отурамын. Отурган тейде үч жолу "Роббигфир лии" деп айтам.

10-кадам: "Аллаху Акбар" деп жанагы сажда сыяктуу экинчи жолу сажда кылам.

# Мусулман аялдын хижабы

Аллах таала айтты:

﴿يَـٰٓأَيُّهَا ٱلنَّبِيُّ قُل لِّأَزۡوَٰجِكَ وَبَنَاتِكَ وَنِسَآءِ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ يُدۡنِينَ عَلَيۡهِنَّ مِن جَلَٰبِيبِهِنَّۚ ذَٰلِكَ أَدۡنَىٰٓ أَن يُعۡرَفۡنَ فَلَا يُؤۡذَيۡنَۗ وَكَانَ ٱللَّهُ غَفُورٗا رَّحِيمٗا ٥٩﴾[الأحزاب: 59]

{"Оо, пайгамбар! Аялдарыңа, кыздарыңа жана ыймандуулардын аялдарына айткын: жоолуктарын өздөрүнө жакындатып (көкүрөк-баштарын жаап) алышсын! Ушул алардын (күңдөрдөн ажыралып) таанымал болууларына жана ирenжитилбей жүрүүлөрүнө жакыныраак (жорук). Аллах Кечиримдүү, Ырайымдуу".} [Ахзаб сүрөсү, 59-аят].

Аллах таала, мусулман аялга хижабды, авретин жана бардык дене-мүчөлөрүн махрам болбогон эркектерден өзүнүн элинде адат болгон кийим менен жабынууга буйруду. Аял киши күйөөсү жана өзүнө махрам болгон адамдардан башкалардын алдында хижабын чечүү мүмкүн эмес. Аялга махрам болгон кишилер: (атасы, канча өйдө карап кетсе да, баласы, канча ылдый кетсе да, атасы менен бир tууган ага-

Туугандары менен катташат.

Аллахтын тагдырына ыраазы болот, ырахаттуу жашоо болсо шүгүр кылат, машакаттуу жашоо болсо сабыр кылат.

Уяттуу болот.

Бардык жандууларга ырайымдуу болот.

Жүрөгүн башкаларга жамандык каалоодон, дене мүчөлөрүн зыян берүүдөн сактайт.

Адамдардын баарына кечиримдүү болот.

Сүткордук кылбайт жана анын "нанын" жебейт.

Ойноштук кылбайт.

Арак ичпейт.

Кошуналарына жакшы мамиле кылат.

Зулумдук, кыянаттык кылбайт.

Куулук кылбайт, уурдабайт.

Ата-энесине кызмат кылат, алар мусулман эмес болсо да, шариятка каршы келбеген иштерде аларга баш иет.

16. Ибадаттын кабыл болуусу эки негизги шартка байланган, алар: ибадатты калыс Аллах үчүн аткаруу жана пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) көрсөткөн тартипте аткаруу. Эгер ибадат калыс Аллах үчүн болбосо, анда ал кабыл кылынбайт, ошондой эле Аллахтын элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) көрсөткөн жолунда болбосо да кабыл болбойт.

тартиптештирип берген кеңири динди шарият кылды. Ушул адил шарият менен жашоодогу зарылдыктардын баарын, динибизди, жаныбызды, абийирибизди, акылыбызды, мал-мүлкүбүздү сактады. Ким шарияттын буйруктарын аткарып, тыюу салынган иштерден тыйылып жашаса, ал жогорудагы зарылдыктарды сактаптыр жана анын жашоосу бейпил, жүрөгү тынч болорунда эч шек-күмөн жок.

Мусулман пенденин Раббиси менен болгон алакасы терең, андыктан анын көңүлү тынч, жашоосун ырахаттуу болот. Мындай адам бейпилдикти, амандыкты, кубанычты сезип жашайт. Раббиси аны менен бирге экендигин, аны колдоп турарын, ыймандуу пендесине дайыма башчы экендигин сезет. Аллах таала минтип айткан:

﴿ٱللَّهُ وَلِيُّ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ يُخۡرِجُهُم مِّنَ ٱلظُّلُمَٰتِ إِلَى ٱلنُّورِۖ...﴾[البقرة: 257].

{"Аллах - ыйман келтирген адамдардын башчысы. Аларды караңгылыктан нурга чыгарат".} [Бакара сүрөсү, 257-аят."

Мына ушул улуу алака пенденин Аллахка кылган ибадатынан ырахат алууга, Раббисине жолугууну

сагынууга, ыйман даамын татып, жүрөгү менен бакыт ааламында болууга алып келет.

Ал даамды таат-ибадат кылуу жана күнөөлөрдөн сактануу аркылуу таткан адам гана сыпаттап бере алат. Ошол себептен пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айткан: "Аллахтын Рабби экенине, Исламдын дин экенине, Мухаммаддын элчи экендигине ыраазы болгон адам ыймандын даамын татыптыр". Муслим риваят кылган.

Ооба. Эгер инсан дайыма Раббисинин алдында турарын сезсе, Аны ысым-сыпаттары менен тааныса, Аны көрүп тургандай ибадат кылса, ибадатын Ага гана ыклас кылып аткарса, ибадатын Аллахтан башкага арнабаса, анда ал дүйнө жашоосунда бактылуу жашап, акыретте жакшы акыбетин көрөт.

Ыймандуу пенденин башына түшкөн кыйынчылыктардын оту Аллахка болгон бекем ишеним, тагдырдын жакшылык-жамандыгына ыраазы болуп, мактоо айтуу себептүү өчөт.

Мусулман адам бактысын жана бейпилдигин арттыруу үчүн Аллахты көбүрөөк эстөөгө жана Ыйык

Куранды көбүрөөк окууга умтулуусу керек. Аллах таала айтты:

﴿ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ وَتَطۡمَئِنُّ قُلُوبُهُم بِذِكۡرِ ٱللَّهِۗ أَلَا بِذِكۡرِ ٱللَّهِ تَطۡمَئِنُّ ٱلۡقُلُوبُ ٢٨﴾[الرعد: 28]

{"Алар – ыймандуулар жана Аллахты эстөө менен жүрөгү тынчтанган адамдар. Көңүл бургула: Аллахты эстөө менен жүрөктөр тынчтанат!"} . [Раад сүрөсү, 28-аят.]

Мусулман адам Аллахты канчалык көп зикир кылса жана Куранды канчалык көп окуса, Аллах менен байланышы ошончо күчөйт. Жан дүйнөсү тазаланат, ыйманы кубаттанат. Ошондой эле мусулман адам Аллах таалага көрөгөчтүк менен ибадат кылуусу үчүн дининдеги нерселерди таза булактардан алууга умтулуусу зарыл. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: "Илим алуу ар бир мусулманга парз". Ибну Маажа риваят кылган Жана да аны жараткан Аллах тааланын буйруктарына моюн сунуп, баш ийүүгө тийиш, ал буйруктардын эмне сыры бар экенин билсе да,билбесе да. Аллах таала Куранда минтип айткан:

# Мазмун

Киришүү ........................................................................ 3

Пенделерди жаратуудагы даанышмандык сыр ............ 4

Раббим - Аллах ........................................................ 6

Анын көркөм ысымдарынын кээ бири булар:.............. 8

Менин пайгамбарым Мухаммад (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун). .............................. 10

Мухаммад (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) рахмат жана туура жолго баштоочу. ............. 11

Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сыпаттарынын кээ бирлери төмөнкүлөр:.................................................................. 16

Ыйык Куран - Раббимдин сөзү .................................. 16

Менин диним – Ислам................................................ 19

Биринчи мартабасы – Ислам ..................................... 19

Исламдын негиздери ................................................. 20

Биринчи түркүгү: Аллахтан башка ибадат кылууга татыктуу кудай жок жана Мухаммад Аллахтын элчиси деп күбөлүк берүү. ................................................... 21

